DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Тыныстанова А.А.*

# ТУРДАКУН УСУБАЛИЕВ – МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ИШМЕР

*Тыныстанова А.А.*

# ТУРДАКУН УСУБАЛИЕВ – ГОСУДАРСТВЕННЫЙ И ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИЙ ДЕЯТЕЛЬ

*A.A. Tynystanova*

# TURDAKUN USUBALIEV – STATE AND A PUBLIC-POLITICAL FIGURE

*УДК: 009. Т-11*

*Бул макала көрүнүктүү коомдук ишмер, кыргыздын чыгаан уулу Турдакун Усубалиевке арналган. 2019-жылы Турдакун Усубалиевке туура 100 жыл толду. Макалада Т.Усубалиевдин өмүр баяны, ал иштеген жылдарда Кыргызстандын гүлдөп, өсүшү, коомдогу ролу жөнүндө камтылат. Ошондой эле Т.Усубалиевдин чейрек кылымга жакын Борбордук комитеттин 1-секретары болуп турган мезгилде Кыргызстандын экономикасынын, өнөр-жайынын, айыл чарбасынын, маданиятынын өсүп өнүгүшүнө кошкон салымы тууралуу да баяндалат. Мындан сырткары Кыргызстан демократиялык коомго өткөн мезгилден тартып кандай өзгөрүүлөргө дуушар болду, кемчиликтер, ийгиликтер жөнүндө да жазылган. Жана ошондой эле Турдакун Усубалиевдин өмүрүнүн акыркы жылдары да баяндалат. Бул макаланын негизинде биз келечектеги жаш муундарга туура так маалымат бергенге аракет кылышыбыз керек. Тарыхта сактала турган материалдарда так туура маалымат камтылса ал кылымдан – кылымга кала турган маалымат болуп саналат. Кыргыздын көрүнүктүү инсандары кыргыз элинин тарыхында түбөлүккө сакталат. Эгерде алар ар дайым кыргыз эли тарабынан эскерилип турса.*

***Негизги сөздөр:*** *ийгиликтер, чейрек кылым, коомдук ишмер, өнөр-жай, айыл-чарба, маданият, мамлекет.*

*Данная статья посвящена выдающемуся общественному государственному деятелю Турдакуну Усубалиеву. В 2019 - году Турдакуну Усубалиеву исполнился ровно 100 лет. В статью вошли биография Т.Усубалиева, рассказ о процветании, развитии Кыргызстана за годы его работы, его роли в обществе. Также т.д. говорится о вкладе Т.Усубалиева в развитие экономики, промышленности, сельского хозяйства, культуры Кыргызстана в период, когда он был 1-м секретарем Центрального Комитета около четверти века. Кроме того, изменения в Кыргызстане с прошлого периода в демократическом обществе, о недостатках и успехах, также в последние годы жизни Турдакуна Усубалиева. На основе этой статьи мы должны попытаться дать правильное представление о будущих поколениях. Если в материалах, хранящихся в истории, содержится точная достоверная информация, эта информация, которая остается веками. Выдающиеся личности кыргызов навсегда сохраняются в истории кыргызского народа. Они всегда будут вспоминаться кыргызским народом.*

***Ключевые слова:*** *успехи, четверть века, общественный деятель, промышленность, сельское хозяйство, культура, государство.*

*This article is dedicated to the prominent public figure, the famous son of Kyrgyzstan Turdakun Usubaliev. This year he turned exactly 100 years old. Article includes Turdakun Usubaliev's biography, the growth and prosperity of the country during his work and his role in society. Also it describes his contribution to the development of economy, industry, agriculture and culture of Kyrgyzstan nearly quarter of century during his term as the first secretary of Central Committee. In addition, it is written about the changes that Kyrgyzstan underwent after the transition to a democratic society, about the shortcomings and achievements. The last years of Usubaliev's life are depicted as well. On the basis of this article we need to try to give more accurate information for our future generations. Reliable facts stored in history will be transmitted from century to century. Outstanding Kyrgyz personalities will be forever remained in history, if Kyrgyz people always remember them.*

***Key words:*** *achievements, a public figure, a quarter of century, industry, agriculture, culture, state.*

Кылымдарды карыткан кыргыз эли эң байыркы элдердин катарына кирет. Канчалаган кылымдарды басып өткөн, карт тарыхка бай, кыргыз элинин ичинен көрүнүктүү баатырлар, эли-жери үчүн жанын аябаган инсандар тээ байыркы кылымдардан бери тарыхта түбөлүккө сакталып келе жатат. Алардын ар биринин басып өткөн жолу өз-өзүнчө, тарыхта сакталып калып муундан-муунга чоң сабак катары калат. Кыргыз элинин келип чыгышы боюнча тарыхты барактасак тээ биздин заманга чейинки II-III кылымдарга барып такалат. Мына ошондон бери жүрүп отуруп XX кылымга көз чаптырсак бул мезгилде кыргыз элине гана эмес дүйнөгө таанымал көрүнүктүү инсандар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

чыккан. Мына ошондой инсандардын бири Усубалиев Турдакун Усубалиевич.

Усубалиев Турдакун Усубалиевич 1919-жылы 6-ноябрда Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Теңдик айылында туулган. 1941-жылы Кочкор айылындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1941–1945-жылдары Кыргызстан КП Кочкор райкомунун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн инструктору, 1945-1955-жылдары КПСС БКнын аппаратында жооптуу кызматтарда иштеген. Ал эми 1955-1956-жылдары «Советтик Кыргызстан» гезитинин башкы редактору, 1956-1958-жылдары Кыргызстан КП БКнын пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы болгон. 1958-1961-жылдары Кыргызстан коммунистик партиясынын Фрунзе шааркомунун 1-катчысы болуп иштеген. 1961-1985-жылдары Кыргызстан коммунистик партиясынын борбордук комитетинин 1-катчысы болуп чейрек кылымга жакын үзүрлүү эмгектенген. Т.Усубалиев коомдук мамлекеттик, саясий ишмер. Кыргыз Эл Баатыры, ал эми илим жаатында тарых илими боюнча кандидаттык диссертациясын үзүрлүү жактаган. Ошондой эле Кыргыз мамлекеттик мугалимдер институтун (1941-ж.), КПСС БКга караштуу Жогорку партиялык мектепти (1945-ж.), В.И. Ленин атындагы Москва мамлекеттик пединститутун (1965-ж.) ийгиликтүү бүтүргөн.

Турдакун Усубалиев СССР Жогорку Советинин беш жолку (1962-1984-жж.) депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин алты жолку чакырылышынын (1959-1985-жж.) депутаты болгон. Андан сырткары демократиялык коомдун мезгилинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин да депутаты болгон. Ошондой эле СССР Жогорку Советинин жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун мүчөсү да болгон [1].

Турдакун Усубалиев республиканын партиялык жана советтик органдарын жетектөө менен өзүн таланттуу, көрүнүктүү уюштургуч жетекчи катары кыргыз элине гана эмес бүткүл Союздук республикаларга чейин көргөзө алган. Чейрек кылымга жакын Турдакун Усубалиевдин жетекчилиги астында 15 союздук республика менен тең тайлаша Кыргызстандын экономикасы, өнөр-жайы, айыл-чарбасы, илим менен билим берүү, маданияттын бардык тармактарынын өнүгүүсү, калктын турмушунун жакшыруусу, шаарлардын, айыл-кыштактардын өзгөрүшү менен бир кыйла жетишкендиктерге ээ болгон. Кыргызстан компартиясынын катарын өстүрүү жана чыңдоо боюнча зор иш чараларды жүргүзгөн. Кыргыз ССРнин Борбордук комитетин жетектеп турган учурда бүткүл Союздук масштабдагы ири долбоорлор да ишке ашырылган. Ошондой эле Т.Усубалиевдин башкаруу мезгилинде айыл чарбасы жана мал чарбачылыгы, болуп көрбөгөндөй жогорку деңгээлге чыккан. Айрыкча эт, сүт, жүн өндүрүү боюнча Кыргыз ССРинин алдына эч бир мамлекет чыга алган эмес.

Турдакун Усубалиев кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына, алдыңкы өнөр жай өлкөсүнө айланышына, маданий жактан өнүгүшүнө, парламенттик системанын түптөлүшүнө, демократиялык коомго өтүшүнө, ошондой эле Кыргызстанды жана анын борбор шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө зор эмгек сиңирген инсан. 1960-1970-жылдары өлкөнү индустриалдаштыруу, машина куруу өнөр жайын өнүктүрүү, гидроэлектростанцияларды куруу маселесине өзгөчө көңүл буруп бир кыйла ийгиликтерге жетишкен. 150дөн ашык ири өнөр-жай имараттары, 511 миңден ашык көп квартиралуу үйлөр, борбор шаарда онкологиялык жана башка ооруканалар ишке киргизилген. Кыргызстандын ар бир райондорунда райондук ооруканалар, маданият үйлөрү, мектептердин имараттары жаңыртылып, китепканалар ачылган. Космосту изилдөө боюнча институт ачылып, айдын топурагын ала турган атайын аппарат жасалган. Токтогул, Күрп-Сай, Үч коргон ж.б. ГЭСтер курулуп, лампа, цемент заводдору ишке киргизилген. 1970-1980-жылдары республикада эт өндүрүү жакшы жолго коюлуп, эт комбинаттын саны жетиге жеткен жана жылына 25 миң тонна жогорку сапаттагы эт даярдалган. Анын көпчүлүгү ошол кездеги коңшулаш союздук республикаларга экспорттолуп турган. Ошондой эле койдун башы 12 миллионго жетип, өндүрүлгөн 40 миң тонна меринос жүнү союздук башка республикаларга жөнөтүлүп турган. Булардан тышкары ошол кездеги Фрунзе шаарында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын имараты, Улуттук филармониянын имараты, Өкмөт үйү, Борбордук китепкана, Цирк, бир нече кичи райондор, «Манас» аэропорту сыяктуу ири курулуштар ишке киргизилген [2].

Ал эми илим жаатын алап көрсөк Турдакун Усубалиев бир нече көлөмдүү эмгектердин автору. Анын эмгектери негизинен көп улуттуу Совет элинин достугу жана бир туугандыгынын Лениндик багытында, партиянын жүргүзгөн саясатын иш жүзүндө ашырууга, СССР элдеринин бир туугандык үй-бүлөсүндө Кыргызстандын экономикасы менен маданиятынын жогорулашына арналып жазылган. Жөнөкөйлөтүп айтканда Турдакун Усубалиевдин мезгилинде эмгек кылынып салынган Бишкек шаарындагы имараттар ушул күнгө чейин калыптанып колдонулуп келе

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жатат. Т.Усубалиевдин эмгектеринин бири Кыргызстанды индустриализация кылды, мындайча айтканда өнөр жайдын өнүгүшү, ири унаа техникасынын эл чарбасында колдонулушу, ири өнөр жайды куруу жана өнүктүрүү, өзгөчө анын иштеп чыгаруу куралдарын жана каражаттарын иштеп чыгаруучу тармактарын өнүктүрүүдө зор салымын кошту. Эң негизгиси Турдакун Усубалиевдин басып өткөн жолу жана жеке сапаттарынын бири чейрек кылымга жакын мамлекетти башкарып келсе дагы жөнөкөйлүгү, адамкерчиликтүүлүгү, эң чоң сапат катары кыргыз элинин эсинде түбөлүккө сакталып калгандыгы болду. Өтө чыгым кылбагыла, иш чара маарекелерге ашыкча чыгым сарптабагыла деген пикири бүгүнкү күнгө чейин айтылып келүүдө. Ошондой эле адамдардын адамдык сапатын кылган эмгегиген баалаган инсан эле. Мамлекеттин өнүгүшү үчүн жанын аябаган инсан болгон. Муну төмөндөгүдөн көрсөк болот. Т.Усубалиевке коңшу өлкөлөрдөн келген өкүлдөр Соң-Көлдүн суусун ортого алып пайдаланабыз деп сунуш кылганда макул болбой койгон. Бул да болсо эли-жери үчүн кам көргөн инсандын көөнөрбөс белгиси [3].

XX кылымдын 60-80-жылдары кыргыз элинин адабияты менен маданияты дүркүрөп өскөн мезгил эле, кыргыздар дүйнө элине өздөрүнүн өнүккөн маданиятка ээ болгон улут катары мамлекетти таанытууга жетишкен учуру болду. Бул аралыкта Кыргыздын көрүнүктүү жазуучуларынын чыгармалары чет тилдерге байма-бай которулуп, кыргызча кинолору эл аралык фестивалдарда алдыңкы байгелүү орундарды ээлөөгө жетишип келсе, опера, балеттери дүйнөнүн чоң-чоң сахналарында жаңырып турган. Мындан сырткары кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыктарына да ар тараптан коомдук саясий мүмкүнчүлүктүн чегинде тийиштүү деңгээлде көңүл бурулуп, том-том болгон китептер басмаканадан жарык көрүп, айрымдары дүйнө элдеринин тилдерине которулуп да турган. Мына ушундай маданий өсүштөр, ийгиликтер ар дайым коомдогу жалпы социалдык-экономикалык, саясий өсүштөргө жетишүү менен жана ар бир көрүнүштүн ички өнүгүү эволюциясына негиздери түшүнүктүү. Бирок, төмөнтөн жогору карай өнүгүү багытын камсыздоого тийиш болгон эволюциялык өсүш менен коштолгон саясий-маданий өзгөрүүлөрдүн баары эле, биз күткөндөй натыйжаны бере албай, дайыма жакшы жакка өсүштү камсыз кыла бербей тургандыгын кийинки өз республикабыздын жана коңшу өлкөлөрдүн коомдук турмушунан көрүп, анан ынанууга аргасыз болуп отурабыз. Ар бир мамлекеттин туура багыт алып өнүгүүсү, өсүшү, коомдогу айырмачылыктарга ээ болгон салмактуу көрүнүштөргө ошол мезгилде башкарган мамлекет башчысынын ролу өтө зор болоорун нечен ирет тарых барактары тастыктады. Мындан биз кандай жыйынтык чыгара алабыз Кыргыз Республикасында жетишилген баардык ийгиликтер, маданий, адабий өсүштөр да ошол мезгилде мамлекет башында турган, колунда бардык бийлиги жана укуктары бар жана мына ошолорду пайдалануу менен өнүгүүнүн ар кандай багытын өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү болгон жетекчилик боюнча алып караганда Турдакун Усубалиевич Усубалиевдин да ролу абдан чоң болгон. Демократиянын мезгилиндеги башкарган президенттердин башкаруусуна салыштырганда Т. Усубалиев башкарган мезгил асман менен жердей. Мамлекетти талап-тоноо, бүлүндүрүү таптакыр болгон эмес. Мамлекеттик менчиктерге кол салуу бул өлүмгө тете иш болгон.

Кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон, дүйнөдөгү эң ири көлөмдүү чыгармаларга тең тайлаш болгон Манас эпосу кыргыз элинин көөнөрбөс булагы болуп саналат. Мына ошол эпосту айтуучулардын варианттары боюнча томдор да жарык көргөн. Советтер Союзунун убагында мындай томдуктар жөндөн жөн эле жарык көрө койгон эмес. Бир кыйла кийлигишүүлөрдүн, аракеттердин аркасында гана басмаканадан чыгарылган. Турдакун Усубалиевич Усубалиевдин түздөн-түз иш билгилүү жетекчилиги жана камкордугу менен улуу мурасыбыз «Манастын» Сагымбай Орозбаковдун вариантында 4 китеби, Саякбай Каралаевдин вариантында «Манас», «Семетей», «Сейтек» 5 китеп болуп жарык көргөн. Өзгөчө ал учурда Сагымбай Орозбаковдун вариантын элге жеткирүү татаал болгон, анткени манасчынын вариантында реакциячыл, панисламизм, пантүркисттик, диндик ойлор бар эле, коммунисттик партиянын идеологиялык саясатына туура келбейт дешип, басып чыгаруу гана эмес, ал вариант жөнүндө сөз кылууга да мүмкүн эмес эле. Мына ошондо Турдакун Усубалиевич көрөгөчтүк менен жол таап, кыргыз элинин мурасына болгон сезим-идеясын ишке ашыруу үчүн кыргыздын көрүнүктүү жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун дүйнөлүк кадыр-баркына таянып, аны «Манас» эпосунун варианттары боюнча чыга турган жогорку томдорго башкы редакторлукка шайлап Борбордук Комитеттин бюросунда дайындаган. Ал эми томдордун чыгарылышына кете турган басманын каражатын да бөлүп берген. Эки чоң көрүнүктүү инсандын бири партиялык жетекчи, мамлекеттик ишмер болсо, экинчиси коомдук ишмер болуу менен, чыгармачыл адамдын ар-намыстуу пикирлеринин, патриоттук сезим-түшү-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



нүктөрүнүн дал келүүлөрүнөн улам, бири-бирине жөлөк-таяк болгондуктан Сагымбай Орозбаковдун «Манасы» калайык-калкка, муундан-муунга жетип отурганын унутпашыбыз керек. Жогорудагы манасчылардын варианттары аркылуу Кыргыз эпостору дүйнөнүн төрт бурчуна таанымал болуп отурат [4].

Коммунистик партиянын жетекчиси катары талanттуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун жеке өзүнө «Манас» эпосун кара сөзгө айландырып чыгуу жана «Манас» жөнүндө кино тартуу сунушун берген. Натыйжада Саякбай Каралаев жөнүндө даректүү кино тартылган. Турдакун Усубалиевич көрүнүктүү эпосторубузду чет элдиктерге таанылышын көздөө менен, манасчылардын ошол мезгилде чет өлкөгө бара турган делегациялар менен барышына салым кошкон. Кыргыз адабиятынын 60-жылдары дүйнөлүк аренага көрүнүктүү жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун ысмы менен чыгып, анын чыгармалары аалам аралап кеткенин жакшы билебиз. Ал мезгилдеги жаш жазуучуга өз учурунда жана андан кийин да узак жылдар бою чыгармачылык камкордук көрүп келгендердин баш сабында ошол учурдагы Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Турдакун Усубалиевич Усубалиевдин ысмын сыймыктануу менен айтсак болот [5].

Т.Усубалиев Кыргыз ССРинин КП БК Биринчи катчысы болуп турган мезгил аралыгында Ч.Айтматов Кыргызстан киноматографисстер союзунун төрагасы (1962) кызматында эмгектенет.

1963-жылы Т.Усубалиев чыгармачыл адамдардын иштерин анализге алган «Адабият менен искусство коммунисттик партиянын курч куралы» деген темада доклад жазаган. Ал докладда кийинки жылдарда Т.Абдумомуновдун «Атабектин кызы», Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» пьесалары, Ч.Айтматовдун «Бетме-бет» повестинин инсценировкасы театр сахнасынын ийгиликтүү чыгармалары катары сыпатталып, ал эми жазуучунун «Ботокөз булак» повестинин негизинде тартылган “Аптап” фильми (кинорежиссёр Лариса Шепиткотаткан) тууралуу өз пикирин билдирет. Т.Усубалиев кино тууралуу “...профессионалдык картинанын көз карашы менен алганда чыгармачылык жактан кызык жасалган. Ал эми анын идеялык салмагы жөнүндө болсо, бул картинадагы окуялардын баардыгы тең эле жайында” экенин айтуу менен, Сталиндин керт башына сыйынуу мезгилиндеги элибиздин абалынын, Абакирдин образын моралдык-этикалык жактан мүнөздөөдөн социалдык-саясий жактан өткөрүүдө жумушчу табынын ар түрдүү муундардын берилиши, ошол мезгилдеги кыргыз аялдарынын образын чагылдыруудагы “советтик шарттарда өскөн жаш аялдын күңдөрчө баш ийип, жүргөндүгү” сыяктуу сүрөттөөлөрдү сынга алат. Т.Усубалиевдин сөзүнөн кийин Ч.Айтматов сөз алып сүйлөп, докладда айтылган кемчиликтерди эске алуу менен ага карата өз пикирин билдирген. Т.Усубалиевдин кыргыз киносундагы айрым кемчиликтерге сын пикирлерин билдирүүсүнөн кийин “кыргыз кереметi” аталган кино тармагынын жакшырышына, жаңы-жаңы ийгиликтердин жаралышына аракеттер жүрөт. Мунун далили катары Турдакун Усубалиевич 1976-жылы 20-апрелде Кыргызстан КП БКнын Фрунзе шаарында өтүп жаткан IX кинофестивалынын салтанаттуу ачылышында партия менен совет өкмөтү эмгекчилерге патриоттук, интернационалдык жана эстетикалык тарбия берүүдө киноискусствосунун таасири жана милдеттери тууралуу сөз сүйлөп, Ч.Айтматов башчылык кылган республикалык кинематографисттер Союзу улам барган сайын күчүнө толуп, республиканын кино кызматкерлеринин профессионалдык чеберчилигин жогорулатуу үчүн көп иштерди аткарып жатканын белгилейт [6].

Мындан сырткары СССР Жогорку Советинин депутаты экенин, СССР кинематографисттер жана жазуучулар союзунун баш катчылыгында иштээрин, “Литературный газета”, “Новый мир” журналдарынын редколлегиясы сыяктуу коомдук иштерди аркалап келе жатканын, буга чейин бир катар мамлекеттик сыйлыктарга ээ болгонун, бул сыйлыкка СССР Жазуучулар Союзу (төрагасы Г.М.Марков) көрсөтүп жатканын билдирип, БК секретариатында талкуулап, КПСС БКнин Политбюросунда чечилсин деген резолюция алып чыгат. Мына ушундай бир топ аракеттерден кийин гана арадан эки жума өткөн соң СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы чыгып, Ч.Т.Айтматов Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга ээ болот. Т.Усубалиев “... бул жогорку баа Ч.Т.Айтматовдун гана сыйлыгы эмес, бүткүл кыргыз элинин, совет адабиятынын жетишкендиги” - деп, өтө кубануу менен кабыл алат [7].

Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун бул сыйлыгы 1978-жылдын 29-сентябрында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунда салтанаттуу түрдө тапшырылат. Бул салтанаттуу жыйынды Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели С.Ибраимов ачып, Кыргызстан Компартиясынын БКнин Биринчи секретары Т.Усубалиев куттуктоо сөзү менен уланган. Т.Усубалиев өз сөзүндө кыргыз адабиятын өнүктүрүүдө Ч.Т.Айтматовдун ролу жогору экендигине токтолгон. Ошондой эле Т.Усубалиев андан ары сүйлөгөн сөзүндө төмөндөгүлөргө да токтолгон: “... Сиз, өтө таланттуу жана сөзгө өтө кылдат чебер адамсыз, эл турмушунун калың катмарларынан

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



чыккан бир кезде артта калган кыргыз жергесинде Совет бийлигинин жылдарынын ичинде ишке ашырылган тарыхый кайра түзүүлөрдүн күбөлөрү жана эң активдүү катышуучулары болуп калган карапайым адамдардын образдарынын эң сонун жарата алдыңыз. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын каармандары – бул бийик гумандуу адамдык сапаттары жогору жана принциптерди алып жүрүүчү, идеялык жана моралдык жактан сапаттары бекем, ойлору таза тунук жана ички дүйнөсү да таза асыл адамдар. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү мына мында: ал жогорку партиялуулук сапатына негизделген, улуттук жана интернационалдык көрүнүштүн гармоникалуу биримдигинен жуурулган жана бүткүл союздук көркөм казынасына новатордук жана кеңири масштабдуу көрүнүш катары кошулду, азыркы кыргыз адабиятында социалисттик реализм принциптерин андан ары өнүктүрүүгө чоң салымын кошту" - дейт [8].

Кыргызстан коммунистик партиясынын жана кыргыз элинин Чыңгыз Айтматовго болгон терең ишеними анын чыгармачылык жактан өсүп-өнүгүшүнө, канат кагышына, өмүр жолуна зор таасирин тийгизип келген. Негизинен эле Ч.Айтматовдун өмүр баянынан, чыгармачылыгынан партиянын ролун чыгарып салуу мүмкүн эмес. Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Турдакун Усубалиевич республикага 25 жыл жетекчилик кылгандыктан кыргыздын көрүнүктүү чыгаан эки уулунун партиялык, коомдук, турмуштук, адамдык байланыштары өтө кызыктуу да, проблемалуу да жана тарыхый жактан кеңири изилдөөнү талап кылат.

Кыргыздын чыгаан бул эки инсаны Турдакун Усубалиевич менен Чыңгыз Төрөкулович республиканын өнөр-жайы, айыл чарбасы, экономикасы, маданияты, курулуш ж.б. маселелери жөнүндө кеңешип, пикирлешип турушкан. «Кыргыз керемети» деп дүйнөгө атагы кеткен кино искусствобуз да Усубалиев менен Айтматовдун жетекчилик ишмердүүлүктөрүнө байланыштуу. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынан азыктанган, Т.Усубалиевдин колдоосун алган нечендеген деген улуу инсандарыбыз Муратбек Рыскулов, Даркүл Күйүкова, Бакен Кыдыкеева, Бүбүсара Бейшеналиева, Төлөмүш Океев, Болот Шамшиев, Калый Молдобасанов, Чолпонбек Базарбаев, Тургунбай Садыков, Кайыргүл Сартбаева, Эстебес Турсуналиев, Болот Миңжылкыев ж.б. ошол мезгилдеги СССРдин эң жогорку сыйлыктарына татыктуу болушкан!

Усубалиев Турдакун Усубалиевич чоң интеллект катары кыргыздын маданиятын, адабиятын баалай барктай билген, сыйлаган, алардын коомдогу ролун түшүнгөн, кыргыздын улуттук искусствосунун гүлдөп өсүп жатканына кубанган, сүйүнгөн, өз убагында туура камкордугун көрүп, анын гүлдөп өсүшүнө зор салымын кошкон инсан. Мына ушундай Турдакун Усубалиевичтин адабият, маданият жаатындагы өрнөктүү жетекчилик тажрыйбасы азыркы жана келечек муундар тарабынан дайыма бааланууга жана үлгү болууга татыктуу. Тарыхта түбөлүккө сакталып калуу менен муундан-муунга өрнөктүү инсан катары кала бермекчи.

Т.Усубалиев чейрек кылымга жакын кыргыз элине кылган ак кызматы үчүн жогорку даражадагы сыйлыктардын да ээси болгон. Алар төмөндөгүлөр: 1-даражадагы «Манас» ордени, 4 Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз Эл Баатыры наамы, бир катар Октябрь Революциясы ордендери жана медалдары менен сыйланган.

Турдакун Усубалиев советтик Кыргызстанды 1961-жылдан 1985-жылга чейин, дээрлик чейрек кылым башкаргандыгын баалоо менен айрым коомдук саясий ишмерлер, көрүнүктүү инсандардын айтып кеткендерине токтолсок алар төмөнкүлөр. Тажрыйбалуу саясатчы **Өмүрбек Текебаевдин** демилгеси менен атайын мыйзам иштелип чыгып, Усубалиевге мамлекет башчылыкка теңеген макам берилген. Ө.Ч. Текебаев ал жылдарда бардык тармактарда болуп көрбөгөндөй өсүш камсыздалгандыгын доор катары тарыхта жазылып калганын айтат: *Ушул норманы киргизип жатканда мен, биринчи кезекте, Турдакун Усубалиевдин Кыргызстанды жетектеп жүргөнүн, ал кезде жетишкен ийгиликтерин эске алып жазгам. Усубалиев Компартиянын гана биринчи катчысы эмес, мыйзам боюнча мамлекет башчы деген статуска ээ. Анткени Коммунисттик партиянын Кыргызстандын экономикасынын заманбап болуп түзүлүшүнө, кыргыз интеллигенциясынын, илим-билим, маданияттын жогорку деңгээлге көтөрүлүшүнө салымы болгон.*

Коомдук ишмер Т.Сарпашев төмөндөгүлөргө токтолгон: «Бул инсан ар бир адамдын кылган эмгегин, жазаган иштерин төкпөй чачпай айтып берер эле. Ар бир мыйзамды төкпөй чачпай, ар бир каражатты чегерүүдө эң бир зор иштерди жасаган инсан. *«Жалпак тил менен айтканда коомдун адамы Т.Усубалиевдин мезгилинде эмгек кылынып салынган Бишкек шаарындагы имараттар ушул күнгө чейин калыптанып колдонулуп келет. Эмгектеринин бири Кыргызстанды индустриализация кылды, мындайча айтканда өнөр жайдын өнүгүшү, ири унаа техникасынын эл*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*чарбасында колдонулушу, ири өнөр жайды куруу жана өнүктүрүү, өзгөчө анын иштеп чыгаруу куралдарын жана каражаттарын иштеп чыгаруучу тармактарын өнүктүрүүдө зор салым кошту. Азыркы учурда ошол жылы салынган айылдардагы сарайлардан бери бузуп бүтө элекбиз»*

Азыркы муундун өкүлдөрү болгон айрым жаштардан суроо-жооп ирээтинде маектешкенде алардын көпчүлүгүнүн пикири төмөндөгүчө болду: Кээ бир жаштардын Т.Усубалиев жөнүндө таптакыр түшүнүктөрү жок экендигин, айрымдарынын мектептен сабактарда окуганын натыйжасында анча-мынча маалыматтары бар экендиги белгилүү болду. Азыркы жаштардын көбү Усубалиевди таанныбай турганы чындык. Ал адам жөнүндө көбүнчө улуу муундардан гана угушат. Азыркы жаштардын көпчүлүгү ал киши өз маалында “Ала-Тоо” аянтын курганын, заңгыраган мрамордон курулган имараттардын курулганын, Бишкек, Ош шаарында көп курулуштарды салдырганын баары эле биле бербейт. Ошол мезгилде азыркы Бишкек шаары Фрунзе деп аталып жашыл кооз шаар аталганын да биле беришпегени маалым болду.

2014-жылы Т.Усубалиевдин 95 жылдыгы республикалык масштабда салтанаттуу түрдө белгиленип өттү. Турдакун Усубалиев тууралуу жана анын 95 жылдыгына карата кичи мекени Кочкор районунда ар кыл багыттагы иш чаралар өткөрүлгөн. Жарандык активист Майрамбек Жапанов да Т.Усубалиевдин 95 жылдыгын белгилөөдө төмөнкүлөргө токтолду: Турдакун Усубалиевичтин жөнөкөй жупунулугу өзү барып ушундай көп иш-чараларды кыскартып ысырапчылыктын кереги жок деп илгертен эле иштегенде эле ушундай принципти туу туткан инсан катары бааланган. *«Көп нерсесин балдар койгула деп тыюу салыптыр, бирок ага карабастан өткөзгөндүгү албетте кубанатарлык көрүнүш. Анткени ушул негизги иш-чараны өткөрүп той-аш менен чектелип калбастан бул биздин келечекке болгон өрнөктүү адамдардын, ушул Турдакун Усубалиевич ким болгон? кандай адам болгон?, кантип ийгиликтерге жетишкен?, кандай таза адам болгон?, кантип ушул кыргызстандын руханий экологиялык жактан материалдык байлыгын сактап кала алган нерселерди биз кийинки муундарга жеткиришибиз керек”* [9].

Т.Усубалиев чейрек кылым мамлекетти башкарып турган мезгилде азыркыдай коомдо болуп жаткан айрым терс көрүнүштөр жокко эсе болгон. Мамлекеттик мүлктөрдү көздүн карегиндей сактоо ар бир кыргыз жаранын милдети эле. Аларга кол салуу, талаптоноо, уурдап сатуу болгон эмес. Ар бир жаран өз милдетин так аткарууга аракет кылуу менен коомдук мүлктү көздүн карегиндей сактоо принциби ошол мезгилдин негизги милдети эле. Карапайым адам болобу, мамлекеттик кызматкер болобу баардыгы бирдей статуска ээ болуу менен эмгектенип келишкен [10].

15 Союздук республика бири-бири менен эриш аркак алака түзүү менен бир мамлекеттей ынтымактуу болушкан. Ар бир республиканын алдына коюлган милдеттерди болгон. Өнөр-жайды, айыл чарбаны, экономиканы өнүктүрүүдө ар бир республика бири-бирине эриш-аркак иштеген. Карап көрсөк ошол мезгилде Өзбекстан пахтаны, Казахстан дан-эгиндерди ал эми Кыргызстан эт, сүт, жүндү өстүрүү боюнча алдыңкы орунда келишкен. Мына ошол мезгилде мамлекет башында турган биринчи адам баарыдыгына жооп берген. Өлкөнүн өнүгүшү, гүлдөп өсүшү, калктын турмушунун жакшыртылышы негизги милдеттердин бири болгон. Т.Усубалиевдин ошол мезгилде кошкон салымы менен Кыргызстан бүгүнкү күнгө чейин жетип отурат.

Көрүнүктүү коомдук ишмер, Кыргыз эл баатыры Турдакун Усубалиев 7-сентябрь 2015-жылы 97 жашында дүйнө салган. Анын өлбөс-өчпөс ысымы кыргыз элинин эсинде түбөлүккө сакталып калмакчы.

**Жыйынтыктоочу сөз.** Бул макалада кыргыздын көрүнүктүү чыгаан уулу Усубалиев Турдакун Усубалиевичтин өмүр-баяны, басып өткөн жолу жөнүндө кыскача маалыматтар берилди. Себеби бул инсан жөнүндө томдорду жазса да болот. Ошондой болсо да бул макала окурмандарга жеткиликтүү түрдө кабар бере алат деп ойлоймун.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз совет энциклопедиясы. - Фрунзе, 1980.
2. https://sputnik.kg/reference/20150907/1017995075.html.
3. http://www.turmush.kg/news:89069.
4. Абдылдажан Акматалитев, академик. Булак: Де-Факто.
5. http://www.turmush.kg/news:89069.
6. Абдылдажан Акматалиев, академик. Булак: Де-Факто.
7. Абдылдажан Акматалиев, академик. Булак: Де-Факто.
8. О. Ибраимов “Турдакун Усубалиев: өмүрү жана тагдыры” Б. 2019-ж.
9. http://www.turmush.kg/news:89069.
10. Сааданбекова Ж. «Турдакун Усубалиев – лидер нации».